Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейи

# Тарбия саат

## "23- Сентябрь Кыргыз тил майрамы"




## Мугалим: Сыдыгалиева Ж.С

Сканировано с CamScanner

| № | Аткара турган иштер | Аткарат | Жоопту |
|---|---|---|---|
| 1 | Кириш сөзү | Кл жетекчи | Кл жет |
| 2 | Мамлекеттик тил гимн | Окуучулар | Кл жет |
| 3 | Саламдашуу | Окуучулар | Кл жет |
| 4 | "Тил" жөнүндө декламация | Окуучулар | Кл жет |
| 5 | Эне тилдин келип чыгуу тарыхы. | Окуучулар | Кл жет |
| 6 | Хор ыр "Эне тилим-Кыргыз тилим" | Окуучулар | Кл жет |
| 7 | "Тил" жөнүндө Макал-лакаптар | Окуучулар | Кл жет |
| 8 | Достук бийи "Попури" | Балдар бийлешет | Кл жет |
| 9 | "Лезинка" бийи | Кыздар бийлешет | Кл жет |
| 10 | Жалпы бий "Кыргыз бийи" | Жалпы окуучулар | Кл жет |

Сканировано с CamScanner

## 1·КИРИШ СӨЗ·

**МУГАЛИМ:**Кылымдын кыяларын ашкан тилим
Кыргыз деп карт тарыхка жазган тилим

Кыйкырып кыйрын бузуп душман келсе

Кылычтай кыя кесип чапкан тилим

Алп Манас,бабам Бакай сүйгөн тилим

Алоолоп Ала-Тоодо күйгөн тилим

Ак калпак Ата-Журтун насибине

Асмандан энчи болуп тийген тилим·

Саламатсыздарбы,урматтуу эже-агайлар, окуучулар жана коноктор 2022-жыл "Аймактарды өнүктүрүү,өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо" жылынын иш пландын негизинде 23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнүн 32 жыл болушуна уюштурулган 6-"б" класс окуучулары тарабынан класстан тышкаркы иш чарабызга ку[illegible] келипсиздер·Бул иш чараны өткөрүүнүн максаты балдарды мекенчил болууга,өз эне тилин сүйүп бarктай билүүгө,ата-бабаларыбыздын атын унутпай даңазалап жүрүүгө, улуттар арасында достукту бекемдөөгө тарбиялоо·

## 2·МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ ГИМН·

**ХОР ОКУУЧУЛАР: "Тил гимни"**

*I*

Тил жаралып көккө таңир таңынан,

Сканировано с CamScanner

элком кыргызстан

**3·САЛАМДАШУУ:**

**1-ОКУУЧУ:** Мынаке шаттык,кубаныч
Ар күнү бизде уланып

Тил майрамы кечесине

Баарыбыз көңүл буралы·

**2-ОКУУЧУ:** Кыргызым тоолорго бай,суугa бай

**3-ОКУУЧУ:** Кыргызым акынга бай,сулуугa бай

**4-ОКУУЧУ:** Кыргызымдын салтын улап биз дагы

**5-ОКУУЧУ:** Кыргызча салам берип өтсөк кандай?

**БАЛДАР ХОР:**Ассалому алейкум·

**КЫЗДАР ХОР:**Арбаңыздар·

**4·ТИЛ ЖӨНҮНДӨ ДЕКЛАМАЦИЯ·**

**6-ОКУУЧУ:**Эне тилин сүйбөгөн
Элин сүйүп жарытпайт

Эне тилин билбеген

Эси жогун аныктайт·

Сканировано с CamScanner

**7-ОКУУЧУ:**Эне тил –аба,эң керек
Баарынан кымбат ал демек

Эне деп чыккан бул жаным

Чыгат го акыр эне-деп.

**8-ОКУУЧУ:**Кыргыз тилим сУттОй ыйык да
Эне тилим суудай тунук да.

Сүйлөсөң да миң түркүндүү тилдерде,

Кыргыз тилин,эне тилин унутпа.

**5.ЭНЕ ТИЛДИН КЕЛИП ЧЫККАН ТАРЫХЫ.**

**МУГАЛИМ:** "Эне тилим нечен кылым каарыткан,
Эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан".

"Тарыхы болбой, эл болбойт", деген сыяктуу кыргыз тилибиздин басып өткөн тарыхынан маалымат алалы.

**9-ОКУУЧУ:** 1929-жылга чейин кыргыз тили араб алфатинде болгон.

**10-ОКУУЧУ:** 1929-жылдан тартып кыргыз тили латын алфабитинде көчүрүлгөн.

**11-ОКУУЧУ:** 1941-жылдан тартып кыргыз тили орус алфавитинде которулган.

**12-ОКУУЧУ:** 1989-жылы кыргыз тили мамлекеттик статуска ээ болгон.

**МУГАЛИМ:**Мынаке балдар 1989-жылдын 23-сентябрынан тартып мамлекетибизде эне тилибиз кыргыз тили жарыяланды.
Анда эмесе сиздерге,окуучуларыбыз тил майрамына карата үйрөнгөн "Эне тилим-Кыргыз тилим" аттуу ырын тартуулашат.

**6.ХОР ЫР "ЭНЕ ТИЛИМ-КЫРГЫЗ ТИЛИМ"**

Эне тили

Сканировано с CamScanner

Эне тил-Кыргыз тилибиз Ыйманга толгон дилибиз Нечен кылымды каарыткан Ак калпак Кыргыз элибиз,элибиз

Кайырма:

Кел жигиттер кел кыздар Тилди ыйык сактайлы Манас бабам мурасын Дүйнөгө биз даңктайлы,даңктайлы

// Бул тилде Манас сүйлөгөн Курманжан Датка сүйлөгөн Эне тилим Кыргыз тилинде Сүйлөлү даңктап дүйнөгө,дүйнөгө

Кайырма: Кел жигиттер кел кыздар Тилди ыйык сактайлы Манас бабам мурасын Дүйнөгө биз даңктайлы,даңктайлы

**7·ТИЛ ЖӨНҮНДӨ МАКАЛ-ЛАКАПТАР**

**МУГАЛИМ:**Кылычын таптап,от чачып,

Кимдер гана келген жок·

Чалгында жанын берсе да,

Кыргызым тилин берген жок·

Эмики кезек макал-лакаптарга·

**13-ОКУУЧУ:** Тил ойдун-сандыгы

**14-ОКУУЧУ:** Өнөр алды-Кыргыз тил

**15-ОКУУЧУ:** Элдин өмүрү анын тилинде

**16-ОКУУЧУ:** Тил улуттун жан дүйнөсү

**17-ОКУУЧУ:** Эне тилсиз укмак белек Манасты

Эне тилсиз укмак белең санатты·

**18-ОКУУЧУ:** Илим менен билимге көпүрө- тил,

Көкөлөткөн адамды тили деп бил·

**МУГАЛИМ:**Азаматсыңар балдар·Көрдүңөрбү балдар тилсиз биз кыргыз эмесбиз,тилсиз биз улут эмесбиз,тилсиз биз улук

Сканировано с CamScanner

эмесбиз·Ошондуктан тилди биз сактайлы жана даңктайлы, дагы ошондой эле кыргыз тилде сүйлөйлү·

***19*-ОКУУЧУ:**Чакырам кыргызымды биримдикке
Чакырам кыргызымды бийиктикке

Түбөлүк улутума өмүр берсин

Сүйлөгүн уул-кыздар кыргыз тилде·

**УЛУТТАРДЫН ЫРЫ:** Барпы Алыкулов "Ынтымак"

**КЫРГЫЗ УЛУТУ:**Ынтымагы бар элдин

Талайы-багы ачылат

Ынтымагы жок элдин

Тапканы бекер чачылат

**ӨЗБЕК УЛУТУ:**Ынтымагы бар элдин
Калага карды ток болот

Ынтымагы жок элдин

Бирине-бири октолот

**ОРУС УЛУТУ:**Ынтымагы бар элдин
Адил болот улугу

Ынтымагы жок элдин

Ичинен чыгат бузугу·

***9*·ДОСТУК БИЙИ· "Попури " *(*кыздар бийлешет*)***

***10*·ЛЕЗИНКА БИЙИ *(*балдар бийлешет*)***

***11*·ЖАЛПЫ БИЙ "КЫРГЫЗ БИЙИ" *(*кыздар,балдар бийлешет*)***

**МУГАЛИМ:**Мынаке балдар,көрдүңөрбү?Досторуңар кандай гана улут болбосун,силер да алар сыяктуу, башка улуттун каада-салтын,үрп-адатын,тилин, маданиятын сыйлашыңар керек·Баарыңарды жалпы бийге чакырабыз:Кыргыз бийи

Сканировано с CamScanner